Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
5-декабры

№96 (3753)

www.erkin-too.kg

ИШ ЖУМА

# КЫРГЫЗ–ПАКИСТАН МАМИЛЕЛЕРИ БЕКЕМДЕЛДИ

***Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 3-декабрда Пакистан Ислам Республикасынын Премьер-министри Шахбаз Шарифтин чакыруусу менен Пакистанга мамлекеттик сапар менен барды.***

Мамлекет башчысы Садыр Жапаровду Пакистандын Премьер-министри Шахбаз Шариф, Пакистандын Президенти Асиф Али Зардари, ошондой эле башка расмий адамдар тосуп алышты.

Бул сапардын алкагында эң оболу Кыргыз-Пакистан мамилелерин мындан ары өнүктүрүү келечеги талкууланып, эки тараптуу сүйлөшүүлөр орун алмакчы. Жалпысынан Кыргызстан менен Пакистандын эл аралык байланыштары жылдан-жылга бекемделип келет. Ислам кызматташтык уюму, Шанхай кызматташтык уюму өңдүү эл аралык жана аймактык бирикмелердин алкагында да тыгыз байланыш бар. Бирок, эки өлкө ортосундагы өнөктөштүктү өрчүтүүгө багытталган мүмкүнчүлүктөрүбүз толук пайдаланыла элек. Эки өлкө энергетика, саламаттык сактоо жана билим берүү тармагында кызматташууга кызыкдар.

Сапардын жүрүшүндө Мамлекет Башчысы Садыр Жапаров алгач Исламабад шаарындагы Аэрокосмостук илим жана технологиялар улуттук паркында NASTP аскердик көргөзмө менен таанышты.

NASTP көргөзмөсүндө Садыр Жапаров Alpha-авиациялык техника, радиолокациялык жана коммуникациялык системалар, симуляторлор, программалык камсыздоо, жасалма интеллект, кибертехнологиялар жаатындагы иштеп чыгуулар жана космос индустриясынын продукциялары көрсөтүлгөн экспозицияларын көрүп чыкты. Ошондой эле Кытай менен Пакистан биргеликте иштеп чыккан JF-17 Thunder көп максаттуу кыйраткыч учактары, PAC MFI-17 Mushshak жеңил окуу-машыгуучу учагы менен кеңири таанышты жана инновациялар, жогорку технологиялар жаатында кызматташтыкты мындан ары да кеңейтүүгө даяр экенин билдирди.

Андан соң Садыр Жапаровдун Пакистандын Премьер-министри Шахбаз Шариф менен расмий жолугушуу аземи болду.

Расмий салтанаттан кийин Мамлекет Башчысы жана Пакистандын Премьер-министри биргелешип бак отургузууга катышып, андан соң эки тараптуу сүйлөшүүлөр өттү. Тар жана кеңейтилген форматтагы сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө тараптар саясий, соода-экономикалык жана транспорттук-логистикалык тармактарда эки жактуу кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүүгө, ошондой эле энергетика, инфраструктура жана маданий-гуманитардык өз ара аракеттенүү жаатындагы биргелешкен долбоорлорду илгерилетүүгө тиешелүү маселелердин кеңири чөйрөсүн талкуулашты.

Шахбаз Шариф Президент Садыр Жапаровдун Пакистанга болгон сапары акыркы жыйырма жылдагы биринчи сапар катары тарыхый мааниге ээ экендигин белгиледи.



Андан соң тараптар транспорттук инфраструктураны биргелешип "Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" магистралын курууну камтыган темир жол долбоорлорун илгерилетүүнүн маанилүүлүгүнө токтолушту.

Эки өлкөнүн, Карачи жана Гвадар сыяктуу Пакистандын деңиз портторун пайдалануу багытында кызматташуусун кеңейтүүгө болгон умтулуусу айтылды. Бул Кыргызстанга дүйнөлүк рынокторго чыгуу үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Мындан тышкары, тараптар CASA-1000 аймактык энергетикалык долбоорун ишке ашырууга өзгөчө көңүл бурушту.

Андан соң Садыр Жапаров Пакистандын Премьер-министри Шахбаз Шариф менен болгон сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча ЖМК үчүн билдирүү жасады.

Анда соода-экономика, инвестиция, транспорт, логистика жана илим-билим чөйрөлөрүндөгү өз ара кызматташууну активдештирүүгө өзгөчө көңүл бурулганы белгиленди. "Айрым багыттар боюнча тиешелүү мамлекеттик мекемелердин жетекчилерине конкреттүү тапшырмалар берилди", - деди Садыр Жапаров.

Президент билим берүү жана илим тармагындагы кызматташуунун келечегине токтолду. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында 12 миңден ашуун пакистандык студент билим алууда жана өлкө биргелешкен жаңы демилгелерди ишке ашырууга жана илимий кызматташууну мындан ары да күчөтүүгө даяр экендигин билдирди.

Садыр Жапаров Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмундагы төрагалыгына байланыштуу, 2026-жылдын күзүндө Бишкек шаарында өтө турган ШКУнун саммитине, 6-Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына жана Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө арналган иш-чараларга Премьер-министр Шахбаз Шарифти ардактуу мейман катары катышууга чакырды.

Мамлекет Башчысы эл аралык жана аймактык күн тартибиндеги көптөгөн негизги маселелер боюнча эки өлкөнүн көз караштары окшош экенин баса белгилеп, Кыргызстан жана Пакистан тоолуу өлкөлөр катары Ак илбирсти сактоо боюнча жемиштүү кызматташып келе жатышканын, ошондой эле пикирлеш тоолуу өлкөлөр менен бирге БУУнун климат боюнча конференциясынын алкагында Тоо күн тартибин алдыга жылдырып жаткандыгы тууралуу айтты.

## ЖАҢЫ АЙДООЧУЛУК КҮБӨЛҮКТҮН ҮЛГҮСҮ БЕКИТИЛДИ




Кыргызстан жаңы айдоочулук күбөлүккө өтүп жатат. Министрлер Кабинети Кыргызстандын 2025-жылкы үлгүдөгү улуттук айдоочулук күбөлүгүн киргизүү маселелери боюнча токтом кабыл алып, жаңы үлгүдөгү улуттук айдоочулук күбөлүгүнүн сүрөттөлүшү жана үлгүсү бекитилди. 2019-жылкы үлгүдөгү улуттук айдоочулук күбөлүгүн берүү бул айдоочулук күбөлүктөрдүн бланктары аяктаганга чейин жүргүзүлө тургандыгы белгиленди. Президенттин Иш башкармалыгына караштуу «Кызмат» мамлекеттик мекемеси жаңы улуттук айдоочулук күбөлүгүн персонификациялоого ыйгарым укуктуу экендиги маалым болду.



## УБАКТЫЛУУ ЧЕКТӨӨ КИРДИ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети көмүрдү Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгууга алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салды. Көмүр ташуунун айрым маселелери жөнүндө токтомго Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев кол коюп, өлкөнүн көмүрү автомобиль транспорту менен ("Эркечтам-автожол" жана "Торугарт-автожол" автомобилдик өткөрүү пункттарын кошпогондо) жарым жылдык мөөнөткө экспорттолбой турган болду.

**"Эркин-Тоо" пресс**

"Эркин-Тоо"

*гезитине 2026-жылдын 1-жарым жылдыгына жазылууну унутпаңыз!*

**Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 6 айга:**
***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 2115 сом 60 тыйын***
**Индекс: 68451**

**КРнын Нормативдик акты журналына жазылуу баасы 6 айга:**
***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 4135 сом 80 тыйын***
**Индекс: 77347**

**Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО




**Саясат таануу илимдеринин доктору, профессор Жолборс Жоробеков:**

# "Курултай – ата-бабадан келе жаткан өкүлчүлүк орган"

**– Жолборс ага, жакында IV Курултай өткөрүлгөнү турат. Бул саам өзгөчөлөнүп, буга чейин өткөрүлгөн курултайлардан айырмасы болобу? Негизи, курултай өз жемишин берип жатабы?**

– Буюрса IV Курултай жакындап келе жатат. Менимче, буга чейин өткөн I, II, III курултайларга караганда түптамырынан башкача болот го деген ойдомун. Анткени, I, II, III Курултайларда көбүнчө эле баланча жерде мектеп же бала бакча жок, түкүнчө жерде "арык казылбай калды" же "суу келбей жатат" деген өңдүү маселелер көтөрүлгөн. Албетте, бул деле мыйзам ченемдүү көрүнүш болчу. Алардын баары "Көч бара-бара түзөлөт" дегендей биринин артынан экинчиси чечилди. Эми IV Курултайда мамлекет кайда баратат, биздин тадыр кандай болот деген маселелер көтөрүлөт деп ойлойм. Кечээги өткөрүлгөн шайлоонун жүрүшү, анын түзүмү, жакшыртуу багытындагы жол-жоболору боюнча изги сунуштар берилет деп эсептейм. Албетте, шайлоо өтүшү керек, бийлик эл тарабынан тандалышы шарт, дүйнөлүк практикада ошондой. Бирок, биз өзүбүздүн жолубузду табышыбыз керек. Өзгөчөлүгүбүздүн бири – Курултай. Мисалы, айылдардагы курултай, андан жогорулаганда райондук масштабдагы курултай, анан облустук деңгээлде курултай өткөрсөк болот. Айтор, курултай менен аймактарда көп нерсени орду-ордуна, жай-жайына койсо болот. Мына ошондой кылып өз жолубузду издеп таппасак, кыргыздын түбүнө наараазычылыктын тутанышына шыкак берген шайлоолор жетип калышы мүмкүн. Ушул алкактан алганда бир топ өзгөрүүлөр болушу керек. Анын баары Уңгужолдо турат, ошого түздөлүшүбүз шарт.

**– Курултайда келчекке карай жолубузду аныкташыбыз керек дейсизби?**

– Ооба, биз 35 жылдан бери жолдорду издеп келе жатабыз. Биз эле эмес, Балтика жээгиндеги үч республиканы кошпогондо, Союздан тараган 12 мамлекеттин бардыгында ушул абал өкүм сүрүүдө. Мен ошолор боюнча жазып, кантип биз СССРге кирдик, кантип биз өлкө болдук, эгемендик жылдарда эмнеге жеттик деген талдоо менен аягын Уңгужолго алып келе жатам. Биздей болуп башкалар дагы татаал жолду басып өткөн. Япондор да бир учурда кайсы багытта басышты билбей чайналып, акырында самурайлык дух, европалык илим-билим деген жолду тандап, чоң бийиктиктерди багындырышууда. Биз дагы Манастан келе жаткан өзүбүздүн духубуз-тарыхыбызды өзөк кылып, дүйнөлүк деңгээлдеги илим-билим, алдыңкы технология деген жолду табышыбыз зарыл. Бир нерсени белгилей кетишим керек, эгемендик алган жылдарды ашата бергенибиз туура болбойт, себеби баарыбыз жаш элек. Эйфория болдук. Акаевдей президент жок деп жалпыбыз сыймыктанган учур өттү. Өлкөнү экинчи Швейцарияга айландырабыз деген убадага ишендик. Тилекке каршы, туура эмес жолго түшкөн экенбиз. Арийне, ал учурду кайра-кайра жамандай бергенден пайда таппайбыз. Өттү, кетти. Эми алдыга гана жылганга, туура багытты тапканга аракет кылышыбыз шарт. Өз түндүгүн көтөргөн ар бир эл адашкан, мүдүрүлгөн. Биз деле ошолордун бирибиз. Мына эми гана жакшы жакка баратканыбыз сезилип, көрүнө баштады. Кечээги эле шайлоонун жыйынтыгы боюнча Президенттин айтканы, ага чейинки билдирүүлөрү бизди туура жолго багыттап жатат. Коомду түздөөгө аракеттенүүдө. Муну туура кабыл алып, түшүнүшүбүз зарыл. Ушул жагдайлардан алып караганда азыркы Курултай өзгөчө болот деп турам. Мамлекеттин багытын аныктаган маселелер көтөрүлөт деген ишенич бар.

**– Эгемендик алгандан бери эле курултай деп келдик, биринин артынан экинчиси өткөрүлүп жатты. Айырмалары болдубу?**

– Ооба, эгемендүүлүк башталгандан бери эле курултай маселесин бир топ инсандар баймабай көтөрүп келишти. Президент Садыр Жапаровдун мындан он жылдай мурда чыккан "Саясаттагы 10 жыл" деген китебинде да республикабызга жаңы система киргизүү жөнүндө сөз учугун улап, "курултай системасын киргизишибиз керек" деп баса белгилеген да, анын жол-жобосун ачык, так көрсөтүп берген. Негизи, 2021-жылга чейинки Конституцияларга курултай жөнүндө жоболор кирсе да, ал аткарылбай, сенек бойдон калып келген. 2021-жылы кабыл алынып, азыр иштеп жаткан Конституцияда гана курултайдын маани-маңызы так, даана көрсөтүлдү. Тилекке каршы, ошол кездеги Жогорку Кеңеш ар түрдүү шылтоолорду айтып, "Элдик курултай жөнүндөгү" КР конституциялык мыйзамын кабыл албай, кыр көрсөтүп, атайын создуктурушту. Мындайча айтканда, депутаттар ачык эле бут тосушкан. Аргасыздан 2022-жылы Өлкө жетекчиси Садыр Жапаров өзүнүн Жарлыгы менен республикада жалпы элдик I Курултайды чакырып, саясий кадам жасады. Бул кадам ошол мезгилде жалгыз эң туура чечим болгон. Ошентип, Аскар Акаевдин тушунда Абдыганы Эркебаев уюштурган Бүткүл дүйнөлүк кыргыздардын курултайы жана Курманбек Бакиевдин Ынтымак курултайларынан түп-тамырынан айырмаланган мамлекетти эффективдүү башкаруудагы өзүнчө институт катарында кабыл алынды. Мурдагы эки курултайдын биринчиси дүйнөлүк деңгээлде кыргыздардын канчалык дасмиясы бар экенин билели десе, экинчиси К.Бакиевдин тегерегиндеги кошоматчылардын декоративдик акыркы аракеттери болгон. Ал эми 2022-жылдагы Жалпы Элдик Курултай өзүнүн мыйзамы жана бекитилген регламенти болбосо да, анын уюштурулушу жана өтүшү чоң сабак, эл үчүн жеңиш болду. II Курултайда уюштурууну жана өткөрүүнү бийик деңгээлге чыгарышты. Садыр Нургожоевичтин тикелей кийлигишүүсүнүн натыйжасында "Элдик курултай жөнүндөгү" мыйзамды Жогорку Кеңештин депутаттары карап, 2023-жылдын 24-июнунда кабыл алып беришти. Кыскасы, Кыргызстандын соңку жаңы саясий тарыхында "Элдик курултай жөнүндөгү" конституциялык мыйзам пайда болуп, Элдик курултай өзүнчө институт катары расмий түрдө калыптанды. Ушул жерде айта кетейин, "Элдик курултай жөнүндөгү" КР конституциялык мыйзамы дүйнөлүк юридика илиминде аналогу жок мыйзам.

**– Азыркы Курултайды уюштурууда өксүктөр, ашепке чыгымдар жокпу?**

– Курултайга келген делегаттар келген-кеткен жол чыгымдарын, тамак-ашын, жаткан жерлерин өздөрү чечсе дурус болмок. Антпесе, кээ бир делегаттар "бекер барам, Президенттин тамагын жейм" деген түшүнүктөн чыгалбай калып жатат. Бул жагын тыкыр караштырыш керек. Мындайча айтканда, Курултайдын катчылыгынын жоопкерчилигин күчөтүп, маселе чечүүчү ролун жогорулатуу зарыл. Анткени, Курултай – ата-бабадан келе жаткан өкүлчүлүк орган. Ага оозунда сөзү бар, интеллектуалдык деңгээли жогору инсандар өз ыктыяры менен келип, ойлорун ортого салышы керек. Ушул жерде кыстара кете турган дагы бир нерсе, бүгүнкү күндөгү Кыргызстандагы көйгөйлүү маселенин бири, диндеги башаламандык. Ушул Курултайда дин боюнча дагы чечүүчү сөздөр айтылат деген үмүттөмүн. Ооба, биз бардыгыбыз мусулманбыз, өз парзыбызды, вазыйпабызды билебиз, шариятты мүмкүн болушунча карманабыз. Бирок, кийинки кезде эркек-аял дебей кыргыз наркына мүнөздүү эмес шалбыраган узун көйнөк кийип, көздөрүнө чейин жаап чүмкөнгөн, сапсайган сакал койгон балээ басып калды. Мен араб аалымдары менен көп сухбатташкан адам катары айтарым, бул туура эмес. Официалдуу мамлекеттик мекемелерде, орто жана жогорку атайын окуу жайларда кийим дресс-код менен болушу керек. Анткени, Башмыйзамыбызда белгилендей, биздин мамлекет – светтик өлкө. Муну ар бир жаран эстен чыгарбашы керек. Албетте, булардан башка да бир топ олуттуу ойлор бар, аны мезгили келгенде айтарбыз.

**– Сөз соңунда бийликтин ишмердүүлүгү боюнча сурап кетейин, эл үмүтү акталып жатабы?**

– 2020-жылдын аягында Садыр Жапаров менен Камчыбек Ташиев бийликке келди. Бир топ оозго алаарлык түзүк иштерди жасап жатышат. Алардын катарында коррупция менен чыныгы күрөштү башташты, бул чоң эрдик. Бирок, 30 жыл бою тамырлаган жемкорлукту чукул аралыкта тазалап коюу мүмкүн эмес. 30 жыл деген бул бир муундун убактысы. М.Саакашвили Американын күчү менен чоң каражаттар аркылуу Грузияны араң тазалады. Грузин достордун айтымында, Грузияда коррупцияга катыштыгы жок бир дагы үй-бүлө калбаптыр, бүт бардыгы аралашкан. Бизде деле дээрлик ошондой десек жаңылышпайбыз. Бирөөнү камаса эле экинчиси чыгып жатат, анткени куда-сөөк, дос-жар, жек-жаат, тууган-урук ж.б. болуп тамырлашып кеткен да. Азыр камалгандардын туугандары, мыйзамсыз менчиктештирген мүлкүн тарттыргандардын жакындары ар кайда жамандап, бийликти жек көрсөткөнгө аракет кылып жүрүшөт. Мына ушул алкакта караганда бизде жемкорлук менен күрөшүү өтө кыйын. Албетте, ага карабастан күрөштү жүргүзүп жатышат, ал аракеттери алкоого татыйт. Эгер мамлекет жемкорлуктан тазалансын десек, коррупцияга каршы күрөштү баарыбыз жапа тырмак колдошубуз керек. Элге тынымсыз акыйкат информация бериш керек. Мен мугалим катары айтсам, жемкорлорду кармап, алардан миллиарддаган каражатты бюджетке түшүрүп жатканы бул бир эле жагы. Ал эми көзгө көрүнбөгөн тарбиялык жагы эч нерсе менен өлчөнбөйт. Жаңы өсүп келе жаткан жаш муунга өтө чоң, эбегейсиз тарбия берилүүдө. Мисалы, мектептеги балдар буга чейин кримавторитет болом, акча топтоп депутат же министр болом деп калган. Азыр баары ойлонуп калды, маңдай тер менен акча таппаса болбойт экен деп. Бул чындыгында эле чоң тарбия. Эгерде бийлик коррупция менен күрөшүп жатамын деп мурдагылардай айткан сөзү менен иши дал келбесе, мектептерде, ЖОЖдордо какшаганыбыз бир тыйынга татыбайт.

**Зулпукаар САПАНОВ**

КАЙРАДАН ЖАРЫШ

# №13 ШАЙЛОО ОКРУГУНУН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЖОККО ЧЫКТЫ

***30-ноябрдагы парламенттик шайлоо бийлик тарабынан эң жогорку деңгээлде өткөрүлгөнү, эч кандай административдик ресурс колдонулбай, ачык, калыс, адилет болгону коомчулук тарабынан айтылууда. Чындыгында эле буга чейин боло келгендей көз көрүнөө бурмалоо же кайсы бир талапкерди калкалап-колдоп сүрөмөй дегендер таптакыр жок болду. Баарына бирдей шарт түзүлдү. Бирок, 30 жыл ичиндеги ириген илдеттен кутула албаган акчалуу талапкерлер добуш сатып алууга аракет кылганы, мыйзам бузууларга барганы ачыкка чыгууда. Аларды БШК дыкат териштирип, чечим кабыл алууда.***



Мыйзам бузуу фактысы катары №13 шайлоо округундагы окуя айтылып, аймактагы айрым добушканаларда телефон менен шайлоочулардын келип-кеткенин тарткан учурлар тууралуу соцтармактарга бир нече видео жарыяланды. Алардын бирине тартылып калган киши өзүн талапкер Бактыбек Сыдыковдун өкүлү экенин айткан. Тасмада участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү "болбойт" дегенге карабай, илип коюшкан.

Жалал-Абад облустук ички иштер башкармалыгынын басма сөз кызматынын тескөөчүсү Улукбек Сулайманов ал окуяны ырастап: "2025-жылдын 30-ноябрь күнү Ноокен районуна караштуу №2410 шайлоо участкасында Б.Сыдыковдун өкүлдөрү тарабынан эсептөө үкөктөрүн видеокамерага тартып жатканды аныкталган. Аталган факты Ноокен РИИБдин МЭЖне катталып, териштирүү иштери башталган. Териштирүү иштеринин жүрүшүндө аталган материалдын мыйзамдуулугу райондук прокуратура тарабынан текшерилип, ал эми тергөө кызматы тарабынан КРнын ЖПКнын 27-беренесинин негизинде кабыл алынган чечим боюнча №13 округунун шайлоо комиссиясынын төрагасына билдирүү берилип, №2410 шайлоо участкасынын комиссия мүчөлөрүнө карата чара көрүү үчүн материал жиберилген" деген.

Бул окуя боюнча социалдык түйүндөрдө кызуу талкуулар болуп, мыйзамга жатпаган көрүнүшкө чара көрүлүшү керектиги айтылды. Териштирүүлөрдөн кийин БШК көп мандаттуу №13 шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоону жараксыз деп таанып, жыйынтыгын жокко чыгарды. БШК төрагасы Тынчтык Шайназаров бир айдын ичинде шайлоонун датасы дайындаларын, 14 талапкер кийинки шайлоого катыша албай турганын билдирди.

"13-округда 94 шайлоо тилкеси бар. Бул округдагы жалпы шайлоо жыйынтыгы жокко чыгарылды. Жаңы шайлоо болот. Биз бардык кайрылуулар, мыйзам бузуу фактылары сөзсүз караларын билдиргенбиз. Социалдык тармактарда, кайрылууларда, айрыкча 13-округ боюнча наразычылык көп болгон. Боршайком анын баарын ачык-айкын, объективдүү карап жатат. Шайлоого катышкан 14 талапкер кийинки кайра шайлоого катыша албайт. Өлкө боюнча 2619 шайлоо участкасы бар. Бүт баары видеокамералар менен камсыздалган. Ошол жерде болуп жаткан шайлоо процессин биз көрө алабыз. Социалдык тармактарга маалыматтар чыккандан кийин, биз ошол участкалардагы камераларды алдырттык. Тиешелүү эксперттер карап чыкты. Жалпысынан 35 шайлоо участкасында ошондой видеокөзөмөл коюлган. Бул мыйзамга туура келбейт. Мыйзамдын негизинде байкоочулар шайлоо комиссиясынын төрагасынын көрсөтмөсү менен атайын жерлерде жайгашып, алар видеобайкоо, аудио жазуу жүргүзсө болот. Бирок шайлоочулардын эркин добуш берүүсүнө, шайлоочулардын тандоосуна таасир эте турган бир дагы кыймыл-аракет болбошу керек" деди Шайназаров.

Аталган округ боюнча Нышанов Сайдулла, Мамытов Талант, Кенжебаев Нурланбек, Курбаналиев Жаныбек, Жээнбекова Гүлназ, Маматалиева Мунара, Жураева Чынара, Абдалиев Мейкинбек, Карабекова Айгүл, Саипов Айбек, Нурбаева Гүлназ, Султанова Олмаскан, Алтынбеков Айбек, Сыдыков Бактыбек ат салышкан. Эми бул 14 талапкер катыша албайт.

Учурда №26 шайлоо округунан Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Элдар Абакиров Кемин районунда 460 миң сом менен кармалган 5-6 адам боюнча арыз каралбай калганына даттанып, акчанын чоо-жайы боюнча териштирүүнү талап кылууда. Ошондой эле Кара-Суудагы ыктымал добуш сатып алуу жөнүндө интернетте тараган видеого байланыштуу текшерүү иштери башталганы боюнча айтылууда. Эске сала кетсек, ИИМ жалпысынан Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо добуш сатып алуу боюнча тогуз кылмыш иши козголгонун, бул боюнча 12 кишиге айыбы угузулганын маалымдады. Үгүт учурунда Лира Акунова менен Гүлназ Халилова добуш сатып алууга шектелип, кылмыш иши козголгону белгилүү болгон. Тергөө учурунда Жогорку Кеңешке депутаттыкка талапкер Лира Акунованын жакын кызы Салтанат Исманова жана жээни Шаабидин Токтосартов добуш сатып алуу иштерин уюштургандыгы аныкталганы айтылган. Ошондой эле депутаттыкка талапкер Гүлназ Халилованын атынан добуш сатып алуу ишине 43 жаштагы адам, анын 22 жаштагы уулу жана Бишкек шаарынын "Восток-5" кичи районунун 64 жаштагы үй комитет башчысы тартылганын кабарлаган. Бишкек шаарынын ички иштер башкы башкармалыгы жогорудагы талапкерлерди жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берүүнү өтүнүп, Борбордук шайлоо комиссиясы макулдук берген.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

АЧЫГЫН АЙТКАНДА...

# ШАЙЛООНУН «ШАЙТАН ОЮНДАРЫНА» ЖОЛ БЕРИЛГЕН ЖОК

***Эл деген эл экен. Бул боюнча пикирлер бир кылка эмес. Антсе да, таза өттү дегенге ынангандар арбын. Дегенибиз, мурда кайталанып келген одоно мыйзам бузуулар бул жолку шайлоодо кайталанган жок. Калыстык үчүн мисалдарды келтирели.***

**Биринчиси:** Шайлоочунун укугун тебелеп-тепсеп, өз билгенин кылган адмресурс деген бар эле, эсиңиздерде болсо. Акчалууну, ага-туугандары жогору жакта отургандарды губернатор, аким, министр баш болуп ээрчип алчу эмес беле. Алар үчүн колдон келген шарттардын бардыгын түзүп, кол алдындагыларды айдап барып өздөрүнүн талапкерлерине добуш бердирип келчү эле го. Акыйкаттык үчүн айтып коелу, Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурун шайлоо өнөктүгүндө мындай көрүнүштөр болгон жок.

**Экинчиси:** Автоматташтырылган шайлоо системасы. Бир адам-бир добуш. Автоматташтырылган аппарат бир адамга бир эле бюллетень чыгарып берет. Башка адам сен үчүн бюллетень сала албайт. Мурдагыдай көз жазгырып кайсы бир талапкер үчүн бюллетендерди топ-тобу менен урнага таштоо мүмкүн эмес. Ушул шайлоодо шайлоочулар өздөрү ынанышты. Адам катышпайт. Эсебин да ошол аппарат өзү чыгарат. Бюллетенди байкоочулар санаганда да аппарат санаган эсеп туура болуп чыкты.

**Үчүнчүсү:** Бийлик талапкерлердин бардыгына бирдей шарттарды түзүп берди. Бийлик өзү бөлүп-жарып боор тарткан талапкер болгон жок. Мурда кандай эле? "Шеф өзү айтты" деп күбүрөп-шыбырап чуркап жүрүшчү эмес беле. Бул жолу бардыгы талкан сугунуп алгандай дым болду. Президенттин же башка жогорку бийликтеги кызмат адамдарынын кимге жан тартканы билинген жок. Ал турсун айыл өкмөт башчылары өз бир тууганын колдоп бир ооз сөз айталбай дымып отурушту.

**Төртүнчүсү:** Мурда бийлик өз талапкерлери мыйзам бузууга барса көз жумуп, көрмөксөн болуп коюшчу эмес беле. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Бакыт Сыдыковдун мисалынан караганда "туура бийде туугаң жок..." деген макалга туура келди. Анткени Бакыт Сыдыков жогорку бийлик органдарында кыйла кадырбаркы бар, өткөн чакырылыштын эң активдүү депутаттарынын бири болчу.

Жогоруда айтылгандар албетте, бийлик тарабынан шайлоону таза өткөрүүгө түзүлгөн шарттар. Ал 30-ноябрдагы шайлоолордо ачык көрүндү. Добуштарымды уурдап алды деп мурдагыдай ызы-чуу салгандар дээрлик жок болду. Анткени шайлоонун жүрүшүндө добуш берүүнүн жыйынтыктарын бурмалоого болбосун даана көрүштү.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров өзүнүн кайрылууларында "таза шайлоо өткөрүүгө бардык шарттарды түзүп бердик, эми бир гана нерсе – добуштарыңыздарды сатпасаңыздар" деп бир нече ирет эскерткени элдин эсинде. Бирок, тилекке каршы айрым талапкерлердин, добуштарын саткан, ар-намысын арзыбаган акчага алмашкан адамдардын аң-сезими дале жетиле элек экенин турмуш көрсөттү. Андайларды колунан кармап алыш да кыйын экен. Бир гана өкүнүчтүү нерсе, акчага добуш сатып алган депутаттар, эми таза добуш алып келген депутаттардын катарында отурат.



Дагы бир өкүттүү нерсе, жараса-жарабаса да өз тууганын, өз айылдаштарын сүрөөнгө алуу дагы деле калбаптыр. Кимдин тууганы көп, айылы чоң болсо көбүрөөк добуш топтоп алышат экен. Бир жылт эткен нерсе, Токтогулдук Эрулан Кокуловдун, Аксылык Медер Алиевдин тууганчылык менен жердешчиликтин тизгинин үзүп бири көлдөн, бири Сокулуктан жеңишке жетишкени болуп калды. Демек, кыргыз коому өнүгүү жолунда десек болот.

Кыскасын айтканда, муну эл аралык байкоочулар да моюнга алышты. Бул жолку шайлоолор жогорку бийлик тарабынан кынтыксыз уюштурулган, алыста жүргөн адамдар да өз шайлоо округуна аралыктан добуш берүүгө мүмкүнчүлүк алышкан, таза шайлоо өткөрүүгө бардык материалдык, моралдык, мыйзамдык ыңгайлуулуктар түзүлгөн. Чынын айтыш керек, качан ушундай болду эле? Кимдин эсинде бар? Жогоруда айтылган айрым шайлоочулар менен талапкерлерге тиешеси бар кемчиликтерди эске албаганда, шайлоо таза өттү.

**Курманбек РЫСПАЕВ**



РЕФОРМА

# САЛАМАТТЫК САКТОО ТАРМАГЫ ЖАҢЫЛАНАТ

***Үстүбүздөгү жылдын декабрь айы окуяларга бай болуп, өлкөдөгү өзгөрүүлөргө жол ачты. Башкы окуя Парламентин VIII чакырылышынын шайланышы жана бир топ кадрдык алмашуулар болду. Мисалы, 1-декабрда Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Элчибек Жантаев кызматтан бошотулуп, Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча агенттиктин директору болуп дайындалды. Жапаров кол койгон башка Жарлыкка ылайык, Президенттин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Канат Жумагазиев ээлеген кызматынан бошотулуп, анын ордуна Азамат Осмонов дайындалды. Мамлекеттик катчы Марат Иманкулов Президенттин кеңешчиси кызматына кетип, буга чейин Президенттин кеңешчиси болуп жүргөн Арслан Койчиев Мамлекеттик катчы болуп дайындалды.***

***Андан тышкары Саламаттык сактоо министри Эркин Чечейбаев кызматтан алынып, министрдин милдетин аткаруу УКМКнын Жалал-Абад облусундагы башкармалыгын жетектеп келген Каныбек Досмамбетовго тапшырылды.***

***Президенттин маалыматтык саясат кызматынын жетекчиси Дайыр Орунбеков дал ушул дайындоо боюнча пикирин билдирип, “Баарыбызга белгилүү болгондой, саламаттык сактоо тармагында клан-клан болуп бөлүнүү, ички интригалар өтө күчтүү. Мындай системаны анын ичинен чыккан адам өзгөртө албай турганын убакыт көрсөттү. Анткени, ал кайсы бир топтун кызыкчылыгын коргоого аргасыз болот же кескин реформаларга бара албайт. Ошондуктан, бул тармакка коррупцияга жол бербеген, эч бир топко көз каранды эмес, тартип орнотууга эрки жеткен министр келди деп айтууга негиз бар. Тартипке негизделген реформанын жыйынтыгын көп өтпөй эле эл өзү сезе баштайт деп ишендирип кетебиз» - деди.***

***Статистикалык маалыматтарга караганда Саламаттык сактоо министрлиги Кыргызстандагы "эң туруктуу" ведомстволордун бири деп эсептелет. Анткени, дайындалган министрлер беш жылга чейин ведомствону башкарып, ар бири системаны реформалоого аракет жасап келет. Негизи дайыма эле жаңы жетекчи дайындалары менен анын дарамети, тажрыйбасы тууралуу айтылат. Алардын ар бири өзүнүн саясатын жүргүзүп, иш алып барууга аракет жасайт.***

***Биз акыркы 15 жылда министр болгондорго токтолсок, мисалы өз ишинин мыктысы деп макталып дайындалган Талантбек Батыралиев министрликти төрт жыл бою жетектеген. 2018-жылдан тарта Космосбек Чолпонбаевге тизгин берилди. Андан кийин Сабиржан Абдикаримов, Алымкадыр Бейшеналиев, Гульнара Баатырова, кайрадан Алымкадыр Бейшеналиев, Эркин Чечейбаев тармакта өзүн сынап көрүштү. Алардын ар биринен үмүт бар эле. Бирок, жыйынтык жакшы болгон эмес. Бул сапар иштин жүрүшү башка нукка бурулду.***

***Биз бул министрлердин дээрлик баары менен кызматташып жалпы медицина кызматкерлеринин укугун коргоп, далилдерге негизделген медицина тармагында көп эмгек кылган Бермет БАРЫКТАБАСОВАга кайрылып, жогорудагы министрлердин ишмердүүлүгү тууралуу суроо салдык.***



**- Бермет айым, сиз медицина кызматкерлеринин укугун коргоодо активдүүсүз. 30 жылда дээрлик бардык министрлер менен иштешиптирсиз. Дегеле Саламаттык сактоо министрлигинде мыкты иштеген министр болдубу? Болсо ким?**

- Мен тармактын кызматкерлеринин укугун коргоо уюмун көп жылдар бою жетектедим жана далилдерге негизделген медицина боюнча иштедим. Андыктан сиз белгилеп өткөндөй көп министрлер менен кызматташтым. Көбүнчө жетекчилер менен дарылоонун стандарттары боюнча жумуштарды аткардык. Биздин негизги принцип – эскирген ыкмаларга же жеке пикирлерге эмес, натыйжалуулуктун, коопсуздуктун жана пайда-тобокелдик катышынын эң ишенимдүү далилдерине таянуу болду. Дегеле медицинада протокол, дарылоо стандарты бирдей болбосо, ар бейтапкана өз билгенин кылып башаламандык орун алат. Андыктан министрлердин баары ушул тартипте иштешет. Дарылоо стандарттары, протоколдор кабыл алынгандан кийин тармак бири-бири менен тыгыз кызматташат. Дары-дармек менен камсыздоодо, ММКФда да баарында бирдей эреже болот. Бул жагынан биз Талантбек Батыралиевге чейин иштеп кеткен Сагинбаева Динара айым менен жакшы иштешкенбиз. Негизи бардык эле министрлер аракет кылышты. Бир гана министр жалпы принциптерден чыгып, дарылоонун башка ыкмаларын өзү сунуштап чыкты.

**- Ким? Алымкадыр Бейшеналиевди айтып жатасызбы?**

- Эми бул министр айрым ооруларды башкача жол менен дарылоо тууралуу айтып келгенин баарыбыз билебиз да. Бейшеналиевдин учурунда көп окуялар болуп кетпедиби. Мен Талантбек Батыралиевди салыштырмалуу жакшы иштеди деп айта алам. Ал эми акыркы министр Эркин Чечейбаев тармактагы эмне маселе болбосун дароо түшүнчү. Анын ойлорун биз түшүнө албай койдук. Мен кыргыз коомчулугу тууралуу айтып жатам. Чечейбаев эл аралык деңгээлдеги нерселерге ыктап туруп алды.

**- Азыр министр болуп такыр башка тармактын өкүлү дайындалды. Буга кандай карайсыз?**

- Туура кадам болду деп эсептейм. Тармакта акчаны туура пайдалана алган кадрлар керек. Министр медицинаны түшүнбөшү мүмкүн. Бирок, ага орун басарлар дайындалат. Эгер орун басарлары күчтүү болсо, иш алга жылат. Министрликте орун басарлары менен иштеше албай, соттошуп жүргөн жетекчилер болгонун коомчулук жакшы билет. Андай болбошу керек. Орун басарлар министрге чоң колдоо болуп бере алышат.

**- Тармакта негизги көйгөйлөр кайсы деп ойлойсуз?**

- Негизги керектөөлөр, аларга бөлүнгөн каражатты рационалдуу пайдалануу, кадрларды окутуу жана даярдоо сыяктуу маселеге көңүл буруу кажет. Азыркы министр баарын ирээтке салып, көзөмөлдөсө жакшы болмок. Бейтапканаларды керектөөлөр менен камсыздоо зарыл. Анан да медицина кызматкерлерине мамиле өтө орой болуп жатканын билебиз. Эми биздин министр бул жагын көзөмөлгө алат деп ойлойм. Биз башыбызга бизди коргой турган министр келди деп кубанып турабыз. Дарыгерлерге эми эч ким кол көтөрө албайт го (күлүп).

**- Медицина кызматкерлеринин айлык акылары көтөрүлсө, көп маселелер чечилет дегенге кандай карайсыз?**

- Айлыкты көтөрүү керек, албетте. Бирок, бизде эң негизгиси протоколду, башкача айтканда дартты дарылоону билген кадрларды көбөйтүү керек. Эгер кадрлар күчтүү болсо, албетте алардын алган акылары ошого жараша көтөрүлүшү шарт.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

МАЙДА, БИРОК МААНИЛҮҮ

## ЭТТИН БААСЫН КЫМБАТТАТКАНДАР ЖАЗАЛАНДЫ



Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын талдоо, отчеттуулук жана Евразия экономикалык комиссиясы менен өз ара аракеттешүү башкармалыгынын башкы адиси Айпери Жусупбекова элден эттин баасынын кымбат болуп жаткандыгына байланыштуу даттануулар түшүп жатканын билдирди. Анын айтымында, буга байланыштуу тийиштүү кызматкерлер базарларды, эт саткан дүкөндөрдү кыдырып текшерүүлөрдү тынымсыз жүргүзүп жатышат.

"Мамлекеттик жөнгө салуу 11-августта киргизилген. Анда сөөктүү этке баа коюлган, сулп эт буга кирбейт. Бул аралыкта биздин кызмат 751 ирет кыдырууга чыгып, 2 900 жолу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Анда эттин баасын негизсиз кымбаттаткан 94 учур аныкталып айып салынды. Ошондой эле 22 жазма эскертме берилди. Биздин кызматкерлер базар, соода түйүн, эт дүкөндөрүн кыдырып, эреже бузгандарга алгач эскертүү берип, эгер аны аткарбаса айып пул салат. Эттин баасына байланыштуу тургундардан арыздар түшүп жатат", - деген Жусупбекова ММКлардын бирине берген маегинде.

Эске салсак, бааны негизсиз көтөргөн жеке жактарга 7 миң сом, ал эми юридикалык жактарга 13 миң сом айып салынат.

## ТОКОЙ ДАРАКТАРЫ ДҮЙНӨЛҮК ЫКМА МЕНЕН ӨРТТӨЛҮҮДӨ

2025-жылы өлкө боюнча 10 539 гектар токой аянты зыянкечтерден жабыркаганы аныкталды. Бул тууралуу Токой кызматынын токойду коргоо, сактоо жана камсыздоо башкармалыгынын башчысы Эрнист Токтоназаров билдирди. Анын айтымында көрсөткүч өткөн жылга салыштырмалуу 6 миң аянтка аз. “Быйыл зыянкечтерден жабыркаган дарактар 6 миңге кыскарды, тактап айтканда, 10 539 гектардагы дарактар жабыркаган. Токой дарактары зыянкечтердин төрт түрүнөн (түгөйсүз жибек көпөлөгү, жылмакай таргылчак, сипторис жана кара коло түстөгү курт-кумурскалар) жабыркайт. Кара коло түстөгү зыянкеч менен жабыркаган дарактар карантиндик аймакта өрттөө жолу менен жок кылынат. Бул дүйнөлүк ыкма. Эгерде мындай илдетке чалдыккан даракты отун же курулуш материалдары катары колдонууга уруксат бере турган болсок, зыянкечтин жайылып кетүү коркунучу бар. Ушул жылы 843 түп кызыл карагай өрттөлдү. Мындан тышкары, зыянкечтер үчүн атайын тузакчалар уюштурулду. Жалпысынан алганда иш быйыл алгылыктуу болду. Жыйынтыгын 2026-жылы көрөбүз", - деди Токтоназаров.

## КАРАНТИН КИРЕБИ?




Учурда өлкө аймагында сасык тумоо күч алып, жумасына миңдеген учур катталып жатат. Бардык оорулуулардын 69,4%ы 14 жашка чейинки балдар болуууда. Айрыкча Бишкек, Ош, Баткен, Чүй жана Ысык-Көл облустарында тумоологондор көп. Абалга байланыштуу Тез жардам кызматына чакыруулар 3 эсеге көбөйдү. Андыктан ушул аптада Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинин базасында республикадагы сасык тумоо жана респиратордук вирустук инфекциялар боюнча эпидемиологиялык абалды талкуулоо боюнча ыкчам штабдын жыйыны болуп өттү. Жыйындын жыйынтыгында билим берүү уюмдарында алдын алуу иш-чараларын жана мониторингди мындан ары күчөтүү, ошондой эле калкка алдын алуу чаралары жөнүндө маалымат берүүнү активдештирүү чечими кабыл алынды. Оорунун интенсивдүү өсүшү сакталган учурда балдар көп чогулган жерлерде убактылуу чектөө жана карантиндик чараларды киргизүү мүмкүнчүлүгүн кароо сунушталууда.

**"Эркин-Тоо" пресс**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ШТАТТЫК САНЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

"Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 12-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун штаттык санынын чеги төраганы жана үч орун басарын кошкондо, 35 судья санында аныкталсын.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 1-декабры, №344***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ СОТТОРУНУН СУДЬЯЛАРЫНЫН ШТАТТЫК САНЫ ЖАНА ТҮЗҮМҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

"Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 32-беренесинин 2-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьяларынын штаттык саны жана түзүмү тиркемеге ылайык аныкталсын.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 1-декабры, №345***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ИШ БАШКАРМАСЫНА КАРАШТУУ ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫН ЖАНА АЙДООЧУЛУК КУРАМДЫ КАТТОО БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК БОРБОРДУН ИШИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 15-сентябрындагы №259 "Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борбор жөнүндө" Жарлыгынын 3, 4-пункттарын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесине, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 92–94-статьяларына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттик Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борбор деп кайра аталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борбордун өткөрүп берүү актысын бекитсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борборго транспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо боюнча билим берүү ишин (автомектептерди) лицензиялоо функциясын жүзөгө ашырууга ыйгарым укук берилсин.

**4.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

– Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо эрежелери 1-тиркемеге ылайык;

– Катталган транспорт каражаттарынын жана айдоочулук курамдын электрондук маалыматтар базасын уюштуруу жана жүргүзүү тартиби 2-тиркемеге ылайык;

– Катталган транспорт каражаттарынын жана айдоочулук курамдын электрондук маалыматтар базасына ыкчам кирүү укугу бар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана кызмат адамдарынын тизмеги 3-тиркемеге ылайык;

– Транспорт каражаттарынын электрондук паспортторун (транспорт каражаттарынын шассисинин паспортторун) жана өзү жүрүүчү машиналардын жана техниканын башка түрлөрүнүн электрондук паспортторун тариздөө тартиби 4-тиркемеге ылайык;

– Квалификациялык экзамендерди кабыл алуу жана айдоочулук күбөлүктөрдү берүү эрежелери 5-тиркемеге ылайык;

– Квалификациялык экзамендерди кабыл алуу жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү эрежелери 6-тиркемеге ылайык;

– Транспорт каражаттарынын алдыңкы эшиктеринин каптал айнектерин күңүрттөөгө жыйымдарды төлөө жана уруксатты каттоо тартиби 7-тиркемеге ылайык;

– Автотранспорт каражаттарына өзгөчө айкалыштагы цифралар жана/же тамгалар менен мамлекеттик каттоочу номердик белгилерди сатуу жөнүндө жобо 8-тиркемеге ылайык;

– Автотранспорт каражаттарына энчилүү мамлекеттик каттоочу номердик белгилерди сатуу жөнүндө жобо 9-тиркемеге ылайык;

– Транспорт каражаттарынын мамлекеттик каттоочу номердик белгилеринде колдонулган Кыргыз Республикасынын Бишкек, Ош шаарларынын жана облустарынын цифралык коддорунун тизмеги 10-тиркемеге ылайык.

**5.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине 11-тиркемеге ылайык өзгөртүүлөр киргизилсин.

**6.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдери 12-тиркемеге ылайык күчүн жоготту деп таанылсын.

**7.** Төмөнкүлөр аныкталсын:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борбор Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги менен биргеликте:

– Евразия экономикалык комиссиясынын жана Евразия экономикалык биримдигинин органдарынын транспорт каражаттарына, өзү жүрүүчү машиналарга жана техниканын башка түрлөрүнө электрондук паспортторду киргизүү маселелери боюнча чечимдерин ишке ашыруу жана Евразия экономикалык комиссиясынын жана Евразия экономикалык биримдигинин органдарынын чечимдерине шайкеш келтирүү боюнча тиешелүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу үчүн жоопту мамлекеттик органдар болуп;

– Евразия экономикалык биримдиге мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдарынын (уюмдарынын) жана транспорт каражаттарынын (транспорт каражаттарынын шассисинин), өзү жүрүүчү машиналардын жана техниканын башка түрлөрүнүн паспортторун тариздөөчү транспорт каражаттарын (транспорт каражаттарынын шассисин), өзү жүрүүчү машиналары жана техниканын башка түрлөрүн өндүрүүчү уюмдардын реестрин жүргүзүү үчүн жоопту мамлекеттик орган болуп;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемеси Кыргыз Республикасынын аймагында транспорт каражаттарынын, өзү жүрүүчү машиналардын жана техниканын башка түрлөрүнүн электрондук паспортторду системасынын улуттук оператору болуп.

**8.** Кыргыз Республикасынын аймагында убактылуу эсепке алынган транспорт каражаттарына "регион" графасында "11" деген цифралар менен мамлекеттик каттоочу номердик белгилер берилет деп белгиленсин.

**9.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борбор ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**10.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 27-ноябры, №760***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 22-ДЕКАБРЫНДАГЫ №703 "АР ЖЫЛДЫК "ЖЫЛДЫН МЫКТЫ МУГАЛИМИ" ЖАНА "ЖЫЛДЫН МЫКТЫ ТАРБИЯЧЫСЫ" РЕСПУБЛИКАЛЫК КОНКУРСТАРЫН ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОЛОРДУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 14-июнундагы №156 "Мектепке чейинки жана жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлери үчүн ар жылдык республикалык конкурс өткөрүү жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 22-декабрындагы №703 "Ар жылдык "Жылдын мыкты мугалими" жана "Жылдын мыкты тарбиячысы" республикалык конкурстарын өткөрүү тартиби жөнүндө жоболорду бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттагы "Билим берүү жана илим" деген сөздөр "Агартуу" деген сөзгө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ар жылдык "Жылдын мыкты мугалими" республикалык конкурсун өткөрүү тартиби жөнүндө жободо:

– 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. Ар жылдык республикалык "Жылдын мыкты мугалими" конкурсунун уюштуруучусу болуп Кыргыз билим берүү академиясынын, Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине караштуу Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун, Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине караштуу Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаментинин жана башка кызыкдар уюмдардын катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги саналат.";

– 8-пункттун 4-пунктчасындагы, 11, 13–16, 23, 25, 28-пункттардагы түрдүү жөндөмөдөгү "Билим берүү жана илим министрлиги" деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү "Агартуу министрлиги" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 24-пункттун бешинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Кыргыз Республикасындагы ар жылдык "Жылдын мыкты мугалими" республикалык конкурстун жеңүүчүлөрү 17 номинация боюнча 500 000 (беш жүз миң) сом өлчөмүндө сый акыларды алышат.";

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ар жылдык "Жылдын мыкты тарбиячысы" республикалык конкурсун өткөрүү тартиби жөнүндө жободо:

– 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Конкурс Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги (мындан ары – министрлик) тарабынан Кыргыз билим берүү академиясынын (мындан ары – КБА), Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине караштуу Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун (мындан ары – ПККЖКДРИ), И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (мындан ары – И. Арабаев атындагы КМУ), Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине караштуу Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаментинин жана башка кызыкдар уюмдардын, педагогикалык жана ата-энелер коомчулугунун катышуусу менен өткөрүлөт.";

– 34-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"34. Конкурстун финалынын 3 турундагы упайларды кошуп эсептөө жолу менен 7-пунктта көрсөтүлгөн категориялар боюнча максималдуу сандагы упай топтогон төрт жеңүүчү аныкталат.";

– 36-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"36. Калыстар тобунун чечими боюнча максималдуу сандагы упай топтогон төрт жеңүүчү дипломдор жана төмөндөгүдөй акчалай байгелер менен сыйланат:

1) "Жылдын мыкты тарбиячысы" категориясынын жеңүүчүсү – 500 000 (беш жүз миң) сом;

2) "Жылдын мыкты методисти" категориясынын жеңүүчүсү – 500 000 (беш жүз миң) сом;

3) "Жылдын мыкты мамлекеттик тил мугалими" категориясынын жеңүүчүсү – 500 000 (беш жүз миң) сом;

4) "Жылдын мыкты музыкалык жетекчиси" категориясынын жеңүүчүсү – 500 000 (беш жүз миң) сом.";

– 10-глава төмөнкүдөй мазмундагы $37^1$-пункт менен толукталсын:

"$37^1$. "Жылдын мыкты тарбиячысы" сыйлыгын бир эле адамга кайрадан ыйгаруууга жол берилбейт.";

– 38-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"38. "Жылдын мыкты тарбиячысы" номинациясында сый акыларды тапшыруу Кыргыз Республикасынын Президентинин фондунан жүзөгө ашырылат, "Жылдын мыкты тарбиячысы" республикалык конкурсун өткөрүү жана уюштуруу республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен министрлик тарабынан жыл сайын борборлоштурулуп өткөрүлөт.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-декабры, №767***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫН ЖАНА АЙДООЧУЛУК КУРАМДЫ КАТТОО СИСТЕМАСЫНЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА РЕФОРМАЛОО БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борбордун материалдык-техникалык базасын жакшыртуу максатында, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $31^{1}$-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** 2026-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейин республикалык бюджетке төмөнкү которуулар токтотулуп турсун:

– автотранспорт каражаттары үчүн цифралардын жана/же тамгалардын өзгөчө айкалышындагы мамлекеттик каттоочу номердик белгилерди сатуудан алынган каражаттарды;

– автотранспорт каражаттары үчүн энчилүү мамлекеттик каттоочу номердик белгилерди сатуудан алынган каражаттарды;

– автотранспорт каражаттарынын алдыңкы эшиктеринин каптал айнектерин күңүрттөөгө уруксаттарды берүүдөн алынган каражаттарды;

– пайдаланылган жана жокко чыгарылган мамлекеттик каттоочу номердик белгилерди сатуудан алынган каражаттарды.

**2.** Ушул Жарлыктын 1-пунктунда көрсөтүлгөн каражаттар 2026-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейин Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борбордун атайын эсебине которулат деп белгиленсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**4.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы ушул Жарлыктын 1-пунктунда көрсөтүлгөн каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышын контролдоону камсыз кылсын.

**5.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 4-декабры, №348***

## 2030-ЖЫЛГА ЧЕЙИНКИ МЕЗГИЛГЕ "ЫСЫК-КӨЛ" ЭКОЛОГИЯЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК СИСТЕМАСЫН ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ КОНЦЕПЦИЯСЫН ЖАНА АНЫ ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ПЛАНЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 26-апрелиндеги №131 "Ысык-Көлдүн экологиясын сактоо боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө" Жарлыгын аткаруу үчүн, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) 2030-жылга чейинки мезгилге "Ысык-Көл" экологиялык-экономикалык системасын туруктуу өнүктүрүү концепциясы (мындан ары – Концепция) 1-тиркемеге ылайык;

2) Концепцияны ишке ашыруу боюнча чаралар планы 2-тиркемеге ылайык;

3) Концепцияны ишке ашыруу боюнча индикаторлордун матрицасы 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Концепцияда жана аны ишке ашыруу боюнча Чаралар планында көрсөтүлгөн чараларды каржылоо тиешелүү жылдарга республикалык жана жергиликтүү бюджеттерде каралган финансылык ресурстардын, ошондой эле тышкы жана ички инвестициялардын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактардын эсебинен ишке ашырылат деп белгиленсин.

**3.** Министрликтер, административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, Каракол, Чолпон-Ата жана Балыкчы шаарларынын мэриялары:

1) Концепциянын жоболорун жана аны ишке ашыруу боюнча Чаралар планын белгиленген мөөнөттө ишке ашырууну камсыз кылсын;

2) жарым жылдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 15ине чейин Концепцияны ишке ашыруу боюнча Чаралар планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине берип турсун.

**4.** Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жарым жылдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 25ине чейин Концепцияны ишке ашыруу боюнча Чаралар планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берип турсун.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-декабры, №768***

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ КООМЧУЛУКТУН ДЕМИЛГЕЛЕРИН МАМЛЕКЕТТИК СУБСИДИЯЛООНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин тандоону жана ишке ашырууну регламенттештирүү, жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин мамлекеттик субсидиялоо системасын киргизүү үчүн шарттарды түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы №350 "Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө" Жарлыгынын 1-пунктунун алтынчы абзацын аткаруу үчүн, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин мамлекеттик субсидиялоонун алкагындагы долбоорлорду тандоо жана каржылоо тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 25-сентябрындагы №586 "2024–2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин мамлекеттик субсидиялоо программасын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

– 6-главанын 6.2-параграфы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"§ 6.2. Жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин ишке ашырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөктөшүү Жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөк көрсөтүү боюнча чаралар төмөнкү иш-аракеттерди жүзөгө ашырууну камтыйт:

– жергиликтүү коомчулук тарабынан демилгеленген долбоорлорду көрсөтүү, тандоо, ишке ашыруу жана мониторинг жүргүзүү тартибин белгилөөчү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына долбоорду көрсөтүүдөн жана талкуулоодон, региондорду өнүктүрүү фонддорунун каражаттарынын эсебинен каржылоо үчүн конкурстук тандоого долбоордук өтүнмөнү берүүдөн баштап долбоордук циклди ишке ашыруу боюнча консультацияларды, иштелип чыккан ченемдик укуктук актылардын пакетин колдонуу боюнча консультацияларды берүү.

Жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөрдүн тартибин белгилөөчү ченемдик укуктук актылар зарыл:

– жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө тургундарга маалымат берүү;

– жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин көрсөтүү;

– жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин талкуулоо;

– жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кароого берүү үчүн алдын ала тандоо;

– жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кароого берүү;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин алдын ала тандоо (алдын ала тандоо критерийлери болуп долбоордун реалдуулугу, анын ичинде суралган ресурстардын көлөмү, анын жергиликтүү маанидеги маселелерге шайкештиги ж.б. саналат);

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында алдын ала тандоодон өткөн, көрсөтүлгөн демилгелер боюнча кошумча сунуштарды киргизүү;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин конкурстук тандоо, конкурстук тандоо критерийлери боюнча сунуштамалар;

– жергиликтүү коомчулуктун демилгелеринин алкагында көрсөтүлгөн долбоорлорду жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрү биргелешип жеткире иштеп чыгуу;

– долбоордук-сметалык документтерди жана башка зарыл документтерди иштеп чыгуу;

– жарандардын, жеке ишкерлердин жана уюмдардын кошо каржылоого багытталган ыктыярдуу төлөмдөрүн чогултуу;

– ишке ашырууга жана кабыл алууга коомдук контролду уюштуруу;

– долбоорлорду ишке ашырууда алынган үнөмдөөлөр болгон учурда же болбосо эгерде бул долбоорлор ишке ашырылбаган учурда жарандардын, жеке ишкерлердин жана уюмдардын каражаттарын кайтарып берүү/башка максаттарга пайдалануу;

– мониторинг жүргүзүү жана таасирди баалоо;

– ошондой эле жергиликтүү коомчулуктун демилгелеринин мазмунуна жана баяндоо форматына коюлган талаптарды караган документтерди жана жергиликтүү жамааттын демилгелерин ишке ашыруу үчүн зарыл болгон башка документтерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кароого берүү.

Аталган ченемдик укуктук актылар бүткүл долбоордук циклди – жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин көрсөтүүдөн тартып регионду өнүктүрүү фондуна долбоордук өтүнмөнү берүүгө чейин, ошондой эле региондорду өнүктүрүү фонддорунан каржылоо алынган учурда жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин ишке ашырууну, жергиликтүү коомчулуктун демилгелеринин ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүнү жана коомдук контролдоону жана долбоордун натыйжаларын кабыл алууну, жергиликтүү коомчулуктун ишке ашырылган демилгелеринин аймакты өнүктүрүүгө тийгизген таасирин баалоону жөнгө салууга тийиш.

Баштапкы этапта жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин көрсөтүүнүн башталышы жөнүндө тургундарга маалымат берүү тартибин, ошондой эле долбоорлорду тургундар тарабынан талкуулоо жана алдын ала тандоо тартибин жана формаларын (угуу, чогулуш, жарандарды сурамжылоо, жыйын, аралыктан добуш берүү ж.б.) иштеп чыгуу зарыл.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү коомчулуктун демилгелеринин долбоордук өтүнмөлөрүн конкурстук тандоо критерийлерине өзгөчө көңүл буруусу керек. Бул критерийлер региондорду өнүктүрүү фонддорунан каржылоо алуу үчүн жергиликтүү коомчулуктун демилгелеринин долбоордук өтүнмөлөрүн тандоо үчүн белгиленген конкурстук тандоонун критерийлерине максималдуу даражада ылайык келүүгө тийиш. Ошол эле учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү коомчулук тарабынан көрсөтүлгөн долбоорлорду алдын ала тандоонун жүрүшүндө конкурстук тандоонун критерийлерин аныктоо үчүн эркиндик берилет. Атап айтканда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шаарды/айыл аймагын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына дал келген долбоорлорго баллдардын көбүн берүүгө укуктуу, мисалы, тургундар эс алуучу жерлерди (скверлерди), балдар жана спорт аянтчаларын куруу же абалын жакшыртуу, суу менен камсыздоо жана/же саркынды сууларды чыгаруу системаларын куруу ж.б. Салыштырмалуу ири шаарларда/айыл аймактарында жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин ишке ашыруу үчүн артыкчылыктуу аймактар белгилениши мүмкүн.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына иштелип чыккан ченемдик укуктук актылардын пакетин колдонуу боюнча жергиликтүү коомчулуктун демилгелеринин долбоордук циклин ишке ашыруу боюнча консультациялык колдоо көрсөтүү үчүн шаарлардын/айыл аймактарынын эки тобу тандалып алынат.

Биринчи топко төмөнкү критерийлерге ылайык келген шаарлар/айыл аймактары кирет:

– 2025-жылга бюджетте тартыштык болбогон;

– шаар/айыл аймагы республикалык бюджеттен теңдештирүүчү трансферттерди албаган;

– жергиликтүү демилгелерди ишке ашыруу тажрыйбасынын болушу;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетиштүү потенциалы.

Бул критерийлерге ылайык келген шаарларда/айыл аймактарында долбоордук өтүнмөлөрдү даярдоо жана региондорду өнүктүрүү фонддорунун/райондорду өнүктүрүү фонддорунун каражаттарынын эсебинен каржылоо үчүн долбоорлорду тандоо боюнча конкурска катышуу үчүн потенциал бар. Жергиликтүү коомчулуктун демилгелеринин долбоордук циклин ишке ашыруу чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын жогорулатуу, типтүү ченемдик укуктук актылардын пакетин адаптациялоого көмөк көрсөтүү, жергиликтүү коомчулуктун активисттеринин потенциалын жогорулатуу, региондорду өнүктүрүү фонддорунун/райондорду өнүктүрүү фонддорунун каражаттарынын эсебинен каржылоо үчүн долбоорлорду тандоо боюнча конкурска катышуу үчүн долбоордук өтүнмөлөрдү даярдоого көмөк көрсөтүү сыяктуу багыттар боюнча колдоо 2025–2026-жылдары ушул шаарларга/айыл аймактарына көрсөтүлөт. Калган шаарлар/айыл аймактары экинчи топко киргизилип, аларга 2027-жылы көмөк көрсөтүлөт.

Долбоордук циклдин биринчи бөлүгүн ишке ашыруу – жергиликтүү коомчулук тарабынан демилгеленген долбоорлорду көрсөтүүдөн баштап жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына киргизүүгө чейин, ар кандай шаарларда/айыл аймактарында олуттуу айырмаланат: чакан айыл аймактары менен шаарлардын ортосундагы айкын айырмачылыктардан тышкары, айыл аймагынын компакттуу жайгашуусунун (башкача айтканда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жайгашкан имараттарга жөө баруу же коомдук транспортто оңой жетүү мүмкүндүгү), көп батирлүү үйлөрдүн болушу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын интернет-сайттарынын болушу, социалдык тармактарда/мессенджерлерде тургундардын түзүлгөн топторунун болушу, шаардын/айыл аймагынын аймагында иш жүргүзгөн ишкерлердин болушу сыяктуу факторлордун жана башка көптөгөн факторлордун мааниси бар. Бул факторлордун баары Программаны ишке ашырууда эске алынышы керек.";

2) жогоруда аталган токтомдун 2–4-тиркемелери ушул токтомдун 2–4-тиркемелерине ылайык редакцияда баяндалсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 4-декабры, №779***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 7-ИЮЛУНДАГЫ №400 "ТҮНДҮК" АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик башкарууну санариптик трансформациялоо максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 17-мартындагы №91 "Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө санариптик трансформациялоону андан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын 5-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 7-июлундагы №400 "Түндүк" ачык акционердик коомун түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттун 4-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу "Электрондук саламаттык сактоо борбору" мекемеси, медициналык статистикалык отчеттуулукту жүргүзүү жана саламаттык сактоонун маалыматтык системаларын киргизүү боюнча функциялардан тышкары;";

2) 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. "Түндүк" ААК жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемеси, төмөнкү органдарды жана алардын ведомстволук бөлүмдөрүн кошпогондо, мамлекеттик органдардын (анын ичинде сот органдарынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, фонддордун (республикалык, жергиликтүү бюджеттердин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин каражаттарынын эсебинен ишке ашырылуучу) маалыматтык системаларын иштеп чыгуу, модернизациялоо жана андан ары техникалык коштоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн жалгыз берүүчүлөрү болуп саналат деп аныкталсын:

1) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетин, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматын;

2) Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн, укук коргоо органдарын, прокуратура органдарын, ошондой эле маалыматтык ведомстволук системалары Кылмыштардын бирдиктүү реестринин маалыматтарынын, кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарынын негизинде иштеген органдарды;

3) Бишкек шаарынын мэриясын.";

3) төмөнкүдөй мазмундагы $11^1$, $11^2$-пункттар менен толукталсын:

"$11^1$. Медициналык статистикалык отчеттуулукту жүргүзүү жана саламаттык сактоонун маалыматтык системаларын киргизүү боюнча функциялар тиешелүү штаттык саны, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары менен Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине жүктөлсүн.

$11^2$. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемесин жекелештирилген, идентификациялоочу жана мамлекеттик маанидеги башка документтер бөлүгүндө биометрикалык маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча мамлекеттик маалыматтык системалардын техникалык оператору деп аныкталсын.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-декабры, №769***

## КУРАМЫНА КӨМҮҮГӨ ТЫЮУ САЛЫНГАН ПАЙДАЛУУ КОМПОНЕНТТЕР КИРГЕН КАЛДЫКТАРДЫН ТҮРЛӨРҮНҮН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 7-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Курамына көмүүгө тыюу салынган пайдалуу компоненттер кирген калдыктардын түрлөрүнүн тизмеги тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-декабры, №771***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2013-ЖЫЛДЫН 23-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №519 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АВТОУНАА ТРАНСПОРТУ МЕНЕН ЖҮРГҮНЧҮЛӨРДҮ ТАШУУЛАРДЫ УЮШТУРУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жеңил автомобиль-таксилер менен жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча ишти жүзөгө ашыруучу айдоочулардын лицензияларды алуусу үчүн шарттарды камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 17-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 23-сентябрындагы №519 "Кыргыз Республикасында автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруунун эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруунун эрежелеринде:

– $194^1$-пункттун сегизинчи абзацында "2025-жылдын 1-декабрынан" деген сөздөр "2026-жылдын 1-февралынан" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыялануга тийиш жана 2025-жылдын 1-декабрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-декабры, №772***

## ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ ТУТУМДАРЫНЫН КООПТУУЛУГУН БААЛОО МЕТОДИКАСЫНА ТАЛАПТАРДЫ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ЖОГОРКУ КООПТУУЛУКТАГЫ ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ ТУТУМДАРЫНА КАРАТА ТАЛАПТАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинин 193, 194-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Жасалма интеллект тутумдарынын кооптуулугун баалоо методикасына талаптар 1-тиркемеге ылайык;

2) Жогорку кооптуулуктагы жасалма интеллект тутумдарына карата тобокелдиктерди башкарууга талаптар 2-тиркемеге ылайык;

3) Жогорку кооптуулуктагы жасалма интеллект тутумдарынын ачыктыгын, түшүнүктүүлүгүн, контролдонушун, тактыгын, ишенимдүүлүгүн жана санариптик туруктуулугун камсыз кылуучу мындай тутумдардын мүнөздөмөлөрүнө талаптар 3-тиркемеге ылайык;

4) Жогорку кооптуулуктагы жасалма интеллект тутумдары үчүн санарип дайындарынын сапатына талаптар 4-тиркемеге ылайык;

5) Жогорку кооптуулуктагы жасалма интеллект тутумдарынын техникалык документтерине талаптар 5-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасында колдонулуучу жасалма интеллект тутумдарынын ээлери уюштуруучулук-укуктук тариздерине, ведомстволук (тармактык) таандыктыгына жана менчиктин түрүнө карабастан:

1) бул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн;

2) бул токтом менен бекитилген ушул талаптарга ылайык, өз алдынча иштелип чыккан жана бекитилген методика боюнча жасалма интеллект тутумдарынын кооптуулугун баалоо жүргүзүүнү алардын иштөө түрмөгүнүн тиешелүү стадияларында камсыз кылсын;

3) жасалма интеллект тутумдарынын кооптуулугун баалоонун натыйжалары боюнча жогорку кооптуулуктагы жасалма интеллект тутумдарына киргизилген учурда:

– алардын ушул токтом менен бекитилген милдеттүү талаптарга ылайык келишин камсыз кылсын;

– тобокелдиктерди башкаруу системасын киргизсин жана бардык иштөө түрмөгүнүн ичинде колдосун;

– мындай тутумдар үчүн техникалык документтерди иштеп чыксын жана өздөрүнүн веб-сайттарына жайгаштырсын жана Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинде жана ушул токтомдо белгиленген тартипте талап кылынган башка документтердин жалпыга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылсын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Санарип кодекси күчүнө кирген күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-декабры, №770***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2025-ЖЫЛДЫН ҮЛГҮСҮНДӨГҮ УЛУТТУК АЙДООЧУЛУК КҮБӨЛҮГҮН КИРГИЗҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында транспорт каражаттарын башкарууга укук берүүчү Кыргыз Республикасынын улуттук айдоочулук күбөлүгүнүн жаңы үлгүсүн киргизүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-декабрындагы №819 "Квалификациялык сынактарды кабыл алуу, айдоочулук күбөлүктөрдү жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Квалификациялык сынактарды кабыл алуу жана айдоочулук күбөлүктөрдү берүү эрежелеринин 33-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү улуттук айдоочулук күбөлүгүнүн сыпаттамасы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү улуттук айдоочулук күбөлүгүнүн үлгүсү 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

– Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын үлгүсүндөгү улуттук айдоочулук күбөлүгүн берүү бул айдоочулук күбөлүктүн бланктары аяктаганга чейин жүргүзүлөт деп;

– Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын үлгүсүндөгү улуттук айдоочулук күбөлүгүнүн бланктары аяктагандан кийин Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү улуттук айдоочулук күбөлүгү берилет деп.

**4.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борбор:

– Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү улуттук айдоочулук күбөлүгүн Кыргыз Республикасында алдыдагы ишке киргизүү жөнүндө чет мамлекеттерге маалымдоо үчүн Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү улуттук айдоочулук күбөлүгүнүн керектүү сандагы үлгүсүн берсин;

– бул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемесине Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү улуттук айдоочулук күбөлүгүн персонификациялоого ыйгарым укук берилсин.

**6.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү улуттук айдоочулук күбөлүгүн Кыргыз Республикасында алдыдагы ишке киргизүү жөнүндө чет мамлекеттерге маалымдоо боюнча тиешелүү иштерди жүргүзсүн.

**7.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**8.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-декабры, №773***

АЙМАК ӨНҮКСӨ – ӨЛКӨ ӨНҮГӨТ

## Тимур ЖУМАЛИЕВ, Аламүдүн районунун Достук айыл өкмөтүнүн башчысы:

# “ИРИ МАСШТАБДУУ ДОЛБООРЛОР ИШКЕ АШЫРЫЛУУДА”



***Аймагына тогуз айылды камтыган көп улуттуу Достук айыл өкмөтү өнүгүү багытында өз жолун тапкан өлкөбүздөгү алдыңкы жергиликтүү башкаруу бийлиги болуп эсептелет. Айылдын эли негизинен дыйканчылык менен алектенип, дан эгиндеринен, картошка, жер-жемиш жана кызылчадан мол түшүм алышып, бакубат жашоонун пайдубалын куруп келишет. Ошондой эле аймакта бир топ инфраструктуралык ири долбоорлор ишке ашырылып, кошумча жумуш орундары менен камсыз болууда. Айыл өкмөт башчысы Тимур Болотович менен болгон маегибизде жыл башынан бери жасалган иштер тууралуу пикир алыштык.***



**- Тимур Болотович, айыл аймагында бюджеттин аткарылышы ишканалардын кирешелүүлүгүнө байланыштуу болору талашсыз. Андан калса, ири масштабдуу долбоорлордун сиздердин аймакта ишке ашырылып жатышы, жергиликтүү калк үчүн пайдалуу болсо керек?**

- Бюджеттин аткарылышы айыл аймагынын экономикасынын бакубатчылыгына түздөн-түз байланыштуу эмеспи. Туура айтасыз, айыл аймагында ири инвестициялык долбоорлор ишке ашырылып, ошону менен бирге кошумча каржы булактары пайда болору күтүлүүдө. Маселен, курулуп жаткан «Манас» соода-логистикалык шаары» долбоорун ала турган болсок, бул биздин аймак үчүн эле эмес, өлкөбүз үчүн стратегиялык мааниге ээ. Инвестициялардын жалпы көлөмү 700 миллиондон ашык АКШ долларын түзөт. Долбоор сооданы жана логистиканы өнүктүрүү үчүн заманбап инфраструктураны түзүүгө мүмкүндүк берет. Эми мында негизинен соода шаары, эл аралык көргөзмө борбору, бонд зоналары бар кампа жана логистикалык камсыздоо борбору, ири жабдуулардын маркеттери, турак жай жана мейманкана комплекстери курулат. Долбоорду ишке ашыруу бюджеттин кирешесин көбөйтүүгө, инновациялык технологияларды тартууга жана өлкөнүн экономикасынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга көмөк көрсөтүү менен 20000ден 60000ге чейин жумуш орундары түзүлөт. Ошондой эле квалификациялуу кадрларды тартууну камсыз кылат. Ошону менен бирге өз кезегинде жумушчулардын чет өлкөлөргө миграциясын азайтууга жардам берет. Долбоор эл аралык бай тажрыйбасы бар алдыңкы Кытай курулуш компанияларынын катышуусу менен ишке ашырылып жатат. Бул Кыргызстанда алдыңкы технологияларды жана стандарттарды киргизүү үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. «Манас» соода-логистикалык шаары» долбоору өлкөбүздөгү соода-логистикалык инфраструктураны өнүктүрүүгө, бизнес жана жарандар үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө карай маанилүү кадам десем жаңылышпаймын.

Бул долбоордун ачылышына Министрлер Кабинетинин Төрагасы өзү катышып, мезгил кутусун салган. Долбоор Өлкө башчысынын көзөмөлүндө турат.

Андан башка “Алканов групп” компаниясынын 11,5 млн АКШ долларлык инвестициясынын эсебинен курулуп жаткан Борбордук Азиядагы эң ири логистикалык комплексинин курулушун айтсак болот. Бул 23 гектарга жайгашкан логистикалык комплекс 110 000 чарчы метрден ашык аянтты ээлеп, жашылчаларды сактоочу жай, бажы терминалы жана кургак сактоочу аянтчасы бар көп функциялуу кампаны камтыйт. Долбоор ишке кирсе анда 200 адам туруктуу жумуш оруну менен камсыз болот. Аймакта жүзөгө ашырылып жаткан мына ушундай долбоорлордун алкагында жергиликтүү бюджетке салык түшүп, киреше булагыбыз көбөйөт. Быйылкы жылы бекитилген бюджетибиздин планы– 57860,3 миң сом. Бүгүнкү күнгө кирешебиз 92602,4 миң сомду түзүп, чыгашабыз 76875,4 миң сом болду. Бир сөз менен айтканда, бул цифралар бюджеттик планды аткаруу ашыгы менен жүзөгө ашырылып жатканын айгинелейт.

**- Демек, айыл аймагындагы инфратүзүмдөрдү жакшыртууга, калктын муктаждыктарын жоюуга мүмкүнчүлүктөр жетиштүү экен да...**

- Туура айтасыз. Жолдорду оңдоо, асфальт төшөө, суу түтүктөрүн жаңылоо, ирригациялык системаларды тазалоо жана башка калкыбыздын күндөлүк турмушуна зарыл болгон нерселердин бардыгын жергиликтүү бюджеттин эсебинен бүтүрүп жатабыз. Маселен, Кайырма айылынын Айдаралиева көчөсүн асфальттоого 16 498 636 сом жумшадык. Суу мунараларын алмаштыруу боюнча Луговое айылына - 2 856,4 миң сом, Константиновка айылына – 3004,5 миң сом бөлүнүп берилди. Алма-Ата көчөсүндөгү 10,6 чакырым суу түтүктөрүн жаңылоого 46 000,0 сомго, Бирдик айылына скважина бургулоого 7884,7 миң сомго тендер жарыяланды. Луговое айылынын көчөлөрүнө жарыктандыруу жумуштарына 860 147 сом, Ак-Жол бажы постун жакшыртууга 5233,6 миң сом, посттун аймагына кире бериште интеграциялык тоскоолдуктарды орнотууга 1650,0 миң сом, видеобайкоо камераларын орнотууга 1 229,6 сом айылдык бюджеттен каралды. Мындай мисалдар айта берсе көп эле.

**- Айыл аймагында билим берүү тармагынын имараттарынын абалы талапка жооп береби?**

- Достук айыл өкмөтүнүн карамагында турган билим берүү мекемелерин учурдун талабына жараша зарыл болгон жабдуулар менен камсыз кылууга болгон аракетибизди жасап келе жатабыз. Алып карасак, Кайырма айылынын Айдаралиева мектебинин терезелерин алмаштырууга 262,0 миң сом, капиталдык оңдоого 10998,9 миң сом бөлүндү. Ушул эле айылдагы спорт комплексине жылытуу системаларын орнотууга 1706,0 миң сом, анын ичинен 440,1 миң сом айылдык бюджеттен, 1265,9 миң сому түрткү берүүчү гранттын эсебинен каржыланды. Гроздь айылынын күрөш залын оңдоого 349,7 миң сом жана спорт жабдууларын сатып алууга 430,0 миң сом, Ленин мектебинин аймагын жакшыртууга, брусчатка төшөөгө 4359,5 миң сом жергиликтүү бюджеттен каралды. Мындан башка билим берүү мекемелерин оңдоо үчүн, тагыраагы Ленин мектебине 786,3 миң сомго, Гроздь мектебине – 377,2 миң сомго, НШК Бирдик – 90,6 миң сомго, Константиновка мектебине – 958,1 миң сомго тендер жарыяланган. Ошондой эле 3943,2 миң сомго “Ак-Булак” жана 5005,6 миң сомго “Достук” мектепке чейинки билим берүү уюмдарын толугу менен оңдоп чыгуунун үстүндө иштеп жатабыз.

Достук айыл аймагы жыл соңуна чейин алдына койгон максаттын өтөсүнө чыгып, элибиздин алдында жүзүбүз жарык болоруна ишенемин. Мындай саамалыктын жаралышына жергиликтүү кеңештин депутаттарынын, айылдык активдүү жарандарынын жардамын баса белгилеп кетишим керек. Ошондой эле калктын социалдык жактан муктаждыктарын жоюу боюнча өзүбүзгө жүктөлгөн милдеттерди так аткарууга жетишип жатканыбыз, талбас эмгектин үзүрү десем болот.

**Маектешкен**
**Наргиза КАЗАКБАЕВА**















Куттуктоо!

# Музыка дүйнөсүнүн сүрөткери

Кыргыз музыкалык маданиятын дүйнөнүн төрт бурчуна таанытып, эл аралык аренада зор кадыр-баркка ээ болгон көрүнүктүү коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын жана башка эл аралык сыйлыктардын ээси, белгилүү композитор жана педагог Бегалиев Муратбек Акимович 70 жашка чыкты.

Ал чыгармаларын классикалык салттарга таянуу менен кыргыз музыкасынын жанрдык, стилдик жана тематикалык чек араларын кеңейткен, гумандуулук образын даңазалаган, мекенди сүйүүгө чакырган, кыргыздын музыкасын, муундан-муунга келаткан салтын уланткан чыныгы сүрөткер катары музыка дүйнөсүнүн төрүндө сый-урматка бөлөнүп келет.

Муратбек Акимовичти 70 жылдык торколуу тою менен куттуктап, ага чың ден соолук, чыгармачылык албан ийгиликтерди каалайбыз.

**“Эркин-Тоо” гезитинин эмгек жамааты**

ЖАҢЫЛЫКТАР

## КЕСИПТЕШИБИЗ КАРЬЕРАЛЫК СЕКИРИК ЖАСАДЫ



Шеркул Турганбаев ИИМдин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын басма сөз кызматынын башчысы болуп дайындалды. Буга чейин бул кызматты аркалаган Байказы Айтикул уулу ушул эле башкы башкармалыктын башка кызматына которулду. Шеркул Турганбаев 2011–2019-жылдары 7-каналда, 2019–2024-жылдары Жалал-Абад ОИИБдин басма сөз кызматында, 2024-2025-жылдары Талас ОИИБдин басма сөз кызматында эмгектенген.

## КҮН ЭЛЕКТР СТАНЦИЯСЫ КУРУЛУУДА



Таш-Көмүр шаарында 11 гектар жерге 30 МВт кубаттуулуктагы күн электр станциясынын курулушу жүрүп жатат. Аталган объект Жалал-Абад облусунда алгач ирет ишке ашырылып жаткан ири күн электр энергетикалык долбоорлорунун бири болуп саналат. Долбоор GRK Solar Energ компаниясы тарабынан жүзөгө ашырылууда. Долбоордун наркы 20 млн долларды түзөт.

Күн электр станциясы курулуп жаткан аймакта мурда көмүр шахталары жайгашкан. Учурда аталган жерлер толук калыбына келтирилип, өндүрүштүк жана коммерциялык пайдаланууга ылайыкташтырылган. Курулуш иштери экологиялык талаптар сакталган шартта, калыбына келтирилген аймактарда жүргүзүлүүдө.

Облус башчысы Тилек Текебаев бул долбоор энергетикалык көйгөйлөрдү чечүү менен катар, социалдык-экономикалык өнүгүүгө жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга багытталган комплекстүү чечим экендигин белгиледи.

## АКЧАДАН КОМИССИЯ АЛБОО МӨӨНӨТҮ УЗАРДЫБЫ?

Улуттук банк банктар арасында сом менен которулган акчадан комиссия алууга тыюу салуу мөөнөтүн узартты. Тийиштүү токтом 3-декабрда кабыл алынган. Мындай чара 2026-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин созулат. Ага ылайык, коммерциялык банктарга жана төлөм жүргүзүүчү уюмдарга жеке жактардан комиссия кармап калууга тыюу салынат. Улуттук банк бул чечим санариптик каржылык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга жана республикада накталай эмес төлөмдөрдү көбөйтүүгө багытталганын белгиледи.

## ТАРЫХЫЙ ТАСМАЛАР ТАРТЫЛАТ




Т.Океев атындагы “Кыргызфильм” улуттук киностудиясынын директорунун орун басары Аида Үсөнова кино тармагына тийиштүү көңүл бурулуп жатканын билдирди. Ал кийинки жылы өлкөдө бир нече тарыхый тасма тартыларын, соңку жылдары Өкмөт кино тармагына каржылоону көбөйтүп жатканын айтты. “2021-жылдан бери каржылоо жыл сайын өсүп жатат. Кино тармагына тийиштүү көңүл бурулууда. Бул үчүн Өкмөткө рахмат. 2026-жылы чоң иштерди аткарууну пландап жатабыз. “Сынган кылыч”, “Ормон хан”, “Ажар” сындуу тарыхый фильмдер тартылат. Ошондой эле буга чейин аткарылып келген иштер уланат. Мындан тышкары “Кыргызфильм” коммерциялык фильмдерди тартууну да пландоодо” - деди ал.

Ошондой эле ал кийинки жылы “Кыргызфильмдин” материалдык базасы да чыңдаларын кошумчалады.

## ЖЕКЕ ИШКЕР 7 МАНАСЧЫГА АК ӨРГӨ БЕЛЕК КЫЛДЫ



Жеке ишкер Нургалы Асаналиев тарабынан 7 манасчыга деп берилген ак өргөлөр өз ээлерине расмий түрдө тапшырылды. Мындай демилге улуу мурас болгон “Манас” эпосун даңазалоого жана аны жаш муундарга кеңири жайылтууга багытталган. Манасчылар Нургалы Асаналиевге бата беришип, өздөрүнүн чыгармачылык дараметин дагы көтөрүүгө даяр экенин билдиришти. Ишкер маданий мурастарды колдоону мындан ары да уланта беришин айтып, манасчыларга чыгармачылык ийгилик каалады.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

Айтматовдун 100 жылдыгына карата



## "МАНАС ЖАНА АЙТМАТОВ" КИТЕБИ

**Мамлекет башчысы Садыр Жапаровдун “Манас” эпосу жана улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов тууралуу өлкөдө болгон ар түрдүү иш-чара, эл аралык жыйындарда жана мектеринде айткан ойлорун, кайрылуу сөздөрүн камтыган "Манас жана Айтматов" аттуу аталыштагы китеби түзүлүп, алгачкы нускасы басмадан чыкты.**

Китеп Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту тарабынан даярдалды. Мындан сырткары бул китепке “Манас” эпосуна жана Чыңгыз Айтматовго тиешелүү кабыл алынган жарлыктар, мыйзамдар, тескемелер киргизилди. Жыйнак Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгу жолу тууралуу Жарлыгына дал келет.

## НАНКИНДЕ АЙТМАТОВ ТУУРАЛУУ ИЗИЛДӨӨ ЖАРЫК КӨРДҮ

**Жакында Кытайдын Нанкин шаарында академик Абдылдажан Акматалиевдин “Чыңгыз Айтматов: Адам жана Аалам” аттуу китеби кытай тилинде жарык көрүп, анын бет ачар аземи болуп өттү. 262 беттен турган бул эмгек – дүйнөлүк масштабдагы жазуучунун чыгармачылыгын терең философиялык жана гуманисттик өңүттө талдаган илимий изилдөө.**

Бул маанилүү маданий окуя – кыргыз-кытай гуманитардык кызматташтыгынын, өз ара руханий урматтоонун жана чыгармачылык диалогдун дагы бир жаркын мисалы десек болот. Кытайда Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары кеңири окулуп, жогору бааланат. “Жамийла”, “Ак кеме”, “Кылым карытар бир күн” сыяктуу чыгармалары көптөн бери кытай тилине которулуп, окуу программаларына киргизилген. Кытай окурмандары Айтматовду “адамзаттын абийири”, “чыгыш акылмандыгы менен батыш ой жүгүртүүсүн айкалыштырган жазуучу” катары кабыл алышат.



## «ЖАМИЙЛА» МЮЗИКЛИ КАЗАКСТАНДА КОЮЛДУ

**Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясы Чыңгыз Айтматовдун чыгармасынын негизинде “Жамийла” мюзиклин Казакстандын Алматы шаарында көрөрман журтуна тартуулады. Бул иш-чара жакында Президент Садыр Жапаров кол койгон “Чыңгыз Айтматовдун 100 жылдыгын белгилөө жөнүндө” Жарлыктын алкагында уюштурулду.**

Бул маданий иш-чаранын алкагында Алматыда казак элинин искусствосуна жана маданиятына эмгек сиңирген ишмерлерине Эл аралык Айтматов сыйлыгы тапшырылып жана Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланышты. Мюзиклдин көркөм табылгалары, жогорку деңгээлдеги аткаруулар Алматы шаарындагы көрүүчүлөргө терең таасир калтырганын белгилөөгө болот.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОРГОЛУУЧУ СЕЛЕКЦИЯЛЫК ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИНИН МАМЛЕКЕТТИК РЕЕСТРИН ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛТТУУ БИЛИМДЕРИНИН МАМЛЕКЕТТИК РЕЕСТРИН ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 16-статьяларына, "Салттуу билимдерди коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 11-статьяларына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын корголуучу селекциялык жетишкендиктеринин мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жана Кыргыз Республикасынын салттуу билимдеринин мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби 1, 2-тиркемелерге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы №155 "Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик объектилеринин мамлекеттик реестрлери жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 4-февралындагы №71 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы №155 "Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик объектилеринин мамлекеттик реестрлери жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-сентябрындагы №619 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-сентябрындагы №652 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 20-январындагы №37 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө" токтомунун 6-пункту;

6) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 17-январындагы №12 "Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик объектилеринин мамлекеттик реестрлери маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-декабры, №774***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 17-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №99 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СТРАТЕГИЯЛЫК ОБЪЕКТИЛЕРИНИН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекетти туруктуу өнүктүрүү үчүн социалдык-экономикалык мааниге ээ болгон стратегиялык объекттерди тартипке келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын стратегиялык объектилери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-февралындагы №99 "Кыргыз Республикасынын Стратегиялык объектилеринин тизмегин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Стратегиялык объектилеринин тизмегинде:

– "В" категориясы (олуттуу объектилер)" бөлүмүнүн "Мамлекетти башкаруу үчүн мааниси бар объектилер" графасындагы эскертүү "Көрсөтүлгөн органдар" деген сөздөрдөн кийин "жана мекемелер" деген сөздөр менен толуктасын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-декабры, №775***

## КӨМҮР ТАШУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 29, 47-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Көмүрдү (ЕАЭБ ТЭИ ТН 2701 жана 2702 коддору менен классификацияланууучу) автомобиль транспорту менен ("Эркечтам- автожол" жана "Торугарт-автожол" автомобилдик өткөрүү пункттарын кошпогондо) Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгууга алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу киргизилсин.

**2.** Ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн чектөө Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасындагы өткөрүү пункттары аркылуу автомобиль транспорту менен көмүрдү (ЕАЭБ ТЭИ ТН 2701 жана 2702 коддору менен классификацияланууучу) ташып чыгууну жүзөгө ашырууда "Достук-автожол" автомобиль өткөрүү пунктун кошпогондо, "Кыргызкөмүр" ачык акционердик коомуна жайылтылбайт деп белгиленсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги ушул токтом күчүнө кирген датага чейин үч күндөн кечиктирбестен Дүйнөлүк соода уюмуна жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 21-июнундагы №357 "Көмүр ташуунун айрым маселелери жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**7.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруун контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**8.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып үч күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-декабры, №777***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 22-НОЯБРЫНДАГЫ №709 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИНИН 296, 297 ЖАНА 364-БЕРЕНЕЛЕРИНИН ТАЛАПТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 296, 297 жана 364-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-ноябрындагы №709 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 296, 297 жана 364-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кошумча нарк салыгын жана сатуудан алынуучу салыкты төлөөдөн бошотулууга тийиш болгон, спортту өнүктүрүү үчүн багытталган товарлар бериле турган субъекттердин тизмеги:

– төмөнкүдөй мазмундагы 62–74-пункттар менен толуктасын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| 62 | "Нарын шаарынын мэриясы" мекемеси | 00902199910191 | Нарын ш. борбордук стадиону |
| 63 | "Талас шаарынын мэриясы" мекемеси | 01805199510061 | Талас ш. борбордук стадиону |
| 64 | Баткен шаарынын мэриясы | 00603199610404 | Баткен ш. борбордук стадиону |
| 65 | "Токмок шаарынын мэриясы" мекемеси | 01502200010097 | №8 орто мектебинин стадиону, Токмок ш. |
| 66 | "Таш-Көмүр шаарынын мэриясы" мекемеси | 00205200110239 | «Шахтер" стадиону, Таш-Көмүр ш. |
| 67 | "Кызыл-Кыя шаарынын мэриясы" мекемеси | 01412199510017 | Кызыл-Кыя ш. борбордук стадиону |
| 68 | "Чүй облусунун Сокулук районунун Сокулук айыл аймагынын Сокулук айыл өкмөтү" мекемеси | 02608199210156 | Сокулук а. борбордук стадиону |
| 69 | "Раззаков шаарынын мэриясы" мекемеси | 00906200010199 | Раззаков ш. борбордук стадиону |
| 70 | "Шамалдуу-Сай шаарынын мэриясы" мекемеси | 00104202410475 | Шамалдуу-Сай ш. борбордук стадиону |
| 71 | "Базар-Коргон шаарынын мэриясы" мекемеси | 03001199710280 | Асылбек Текебаев атындагы стадион, Базар-Коргон ш. |
| 72 | "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги" мекемеси | 00603199610137 | Мавлутбек Сыдыков атындагы стадион, Кочкор а. |
| 73 | "Токтогул шаарынын мэриясы" мекемеси | 02512201210017 | Эргеш Ормонов атындагы стадион, Токтогул ш. |
| 74 | "Кара-Суу шаарынын мэриясы" мекемеси | 00102200010056 | "Манас" стадиону, Кара-Суу ш. |

";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кошумча нарк салыгын төлөөдөн бошотулууга тийиш болгон, спортту өнүктүрүү үчүн багытталган товарларды импорттоочу субъекттердин тизмеги:

– төмөнкүдөй мазмундагы 74-пункт менен толуктасын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| 74 | "НОВЕН" жоопкерчилиги чектелген коому | 00404200810148 | "Мурас Юнайтед" окуу-машыгуу базасы, Бишкек жана Манас шаарлары |

";

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Спортту өнүктүрүү үчүн багытталган товарлардын тизмеги ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-декабры, №776***

***Өзгөн районунун тургуну Мулла-Ахунов Махамадибрагимжан Айсарахуновичке таандык райстаттан берилген күбөлүгү код ОКПОсу 24224804 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 403

***Өзгөн районунун тургуну Ибрагимов Хабибилла Оринбаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы Ч №244062 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П-906

***Өзгөн районунун тургуну Апазов Болот Сатымаматовичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 24768645 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П-473

***Өзгөн районунун тургуну Кадыржанов Икрам Сатыбалдыевичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 24803488 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П-228

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООДОГУ №13 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы №272 "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө" Жарлыгы менен 2025-жылдын 30-ноябрына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалган.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) 2025-жылдын 1-октябрындагы №88 "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо шайлоо округдарынын схемасы жана чектери жөнүндө" токтому менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодогу №13 көп мандаттуу шайлоо округунун схемасы жана чеги бекитилген.

№13 көп мандаттуу шайлоо округунда добуш берүүнү өткөрүү үчүн 94 шайлоо участогу түзүлгөн.

№13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча шайлоочулардын тизмесине 160 344 шайлоочу киргизилген, алардын ичинен АЭУнун алдын ала жыйынтыгы боюнча 76 721 шайлоочу добуш берүүгө катышты, бул 47,85% түздү.

Борбордук шайлоо комиссиясы №13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына 14 талапкерди каттаган:

1. Нышанов Сайдулла Канболотович;
2. Мамытов Талант Турдумаматович;
3. Кенжебаев Нурланбек Исраилжанович;
4. Курбаналиев Жаныбек Масабирович;
5. Жээнбекова Гулназ Камытовна;
6. Маматалиева Мунара Данияровна;
7. Джураева Чинара Муратовна;
8. Абдалиев Мейкинбек Акимович;
9. Карабекова Айгүл Асановна;
10. Саипов Айбек Сатыбекович;
11. Нурбаева Гүлназ Абдулатиповна;
12. Султанова Олмаскан Абдыкапаровна;
13. Алтынбеков Айбек;
14. Сыдыков Бактыбек Усенович.

№13 округдук шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 1-декабрындагы №5 чечими менен "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (мындан ары – конституциялык Мыйзам) 37-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, №2410 шайлоо участкасындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жокко чыгарылган.

2025-жылдын 2-декабрында Борбордук шайлоо комиссиясына арыздар, билдирүүлөр жана кайрылуулар келип түшкөн, ошондой эле социалдык тармактарда Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлер тарабынан №13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча бир катар шайлоо участокторунда жарандардын шайлоо укуктарынын одоно бузулушуна жол берилгендиги көрсөтүлгөн фото жана видеоматериалдар таратылган. Шайлоочулардын эрк-ниетине таасир этүү жана добуштарды сатып алуу фактылары тууралуу маалыматтар келип түшкөн, бул социалдык тармактарда жарыяланган конкреттүү фото жана видео далилдер менен тастыкталган.

Жогоруда көрсөтүлгөн бузуулар массалык жана системалуу мүнөздө болуп, шайлоонун жыйынтыгына олуттуу таасирин тийгизди. Бул жагдайлар шайлоонун жыйынтыгы чыныгы эркин, калыс, ачык жана кынтыксыз эркти чагылдырарына олуттуу күмөн саноолорду жаратат, ошондой эле шайлоочулардын эркин билдирүүсүнө таасир этет.

Конституциялык мыйзамдын 29-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, "Добуш берүү үчүн жайда жарык берүү тутуму менен жабдылган жана жазуу буюмдары менен камсыздалган атайын жабдылган кабиналар, мониторлор, видео-белгилөө жабдуусу, башка зарыл жабдуу, принтери бар идентификациялоочу түзүлүштөр жана автоматтык эсептөөчү урналар жайгаштырылат.".

Келип түшкөн арыздарды жана билдирүүлөрдү текшерүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо участокторунда добуш берүү күнү орнотулган камералардан алынган видео жазууларды карап чыкты.

Конституциялык мыйзамга ылайык, талапкердин байкоочусу участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан аныкталган, комиссиянын ишине тоскоолдук кылбаган жана шайлоочулардын жашыруун добуш берүүсүн бузбаган, добуш берүүнүн жүрүшүнө жана анын жыйынтыгын чыгарууга тоскоолдук кылбаган жерден жеке өзү сүрөткө, видеого жана аудио жазууга укуктуу.

Текшерүүнүн жыйынтыгында 35 шайлоо участогунда талапкерлердин байкоочу катары катталган өкүлдөрү добуш берүү күнү мыйзамсыз түрдө камераларды орнотуп, шайлоочулардын идентификациядан өтүү, бюллетендерди алуу, толтуруу жана автоматтык эсептөөчү урнага салуу учурундагы аракеттерин, добуш берүү процессинде көзөмөлдүк кылып, алардын эркин билдирүүсүнө жана добуш берүүнүн жашырындуулук принципине каршы келгендиги аныкталды.

Конституциялык мыйзамдын 37-беренесинин 5-бөлүгүнүн экинчи абзацына ылайык: "Шайлоо участогунда добуш берүүнүн, добуштарды саноонун же добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоонун жүрүшүндө шайлоочулардын өз эркин билдирүүлөрүнө таасир эткен, добуш берүү күнү үгүт жүргүзүү, жарандардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууларына, добуш берүүдө байкоо жүргүзүүгө тоскоолдук кылуу, башка шайлоочулар үчүн добуш берүү, шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүү, шайлоочуларды сатып алуу менен байланышкан бузуулар шайлоочулардын эркин билдирүүсүнө таасир эткен бузуулар деп түшүнүлөт.".

Жалпысынан 35 шайлоо участогунда 65 016 шайлоочу болгон, алардын ичинен 30 260 шайлоочу добуш берүүгө катышкан, бул ушул округдагы шайлоого катышкан жалпы шайлоочулардын 39,44%ын түзөт.

Конституциялык мыйзамдын 37-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун жыйынтыгын жараксыз деп тааныйт:

«эгерде добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн бирин камтыган шайлоо участокторунун бөлүгүндөгү добуш берүүнүн жыйынтыктары анык эмес деп таанылса.".

Мында конституциялык Мыйзамдын 37-беренесинин 4-1-бөлүгүнө ылайык, "Эгерде шайлоону даярдоо, добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө учурунда талапкер (талапкерлер) тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыгын ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк бербеген же шайлоочулардын эркин билдирүүсүнө таасир эткен бузуулар орун алса, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкер (талапкерлер) боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарын жараксыз деп таанууга укуктуу.".

